тарбия ишин жандуу жана мазмундуу жүргүзүүгө өбөлгө түзөт. Себеби бала үчүн улуттук маданиятка байланышкан материалдар жакын жана түшүнүктүү болот. Натыйжада окуучу өз элинин мурастарына сый-урмат менен мамиле кылууга, аларды сактоого жана улантууга умтулат. Бул болсо азыркы шартта өтө маанилүү болгон улуттук иденттүүлүктү калыптандыруунун негизи болуп саналат.

Жалпысынан алганда, мындай сабак мугалимге билим берүү менен тарбияны айкалыштырып, окуучунун ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылууга жардам берет. Ал сабакты жандуу, кызыктуу жана таасирдүү өткөрүүгө шарт түзүп, ар бир баланын активдүү катышуусун камсыз кылат. Ошондуктан балдар адабиятын интеграциялоо башталгыч класстын мугалимдери үчүн жөн гана кошумча ыкма эмес, гуманисттик баалуулуктарды калыптандыруунун негизги, натыйжалуу жолдорунун бири катары каралышы керек.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

Ата бабалар табериги: Кыргыздын адеп-ахлак, салт-санаа, үрп-адат, ырым-жырым жана жөрөлгөлөр жыйнагы / Түз. М.Каримов. - Б: “Бийиктик”, 2011.
Башталгыч мектепте балдар китебин пайдалануу USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору 1-2-модуль
Беш көкүл чач https://bloomlibrary.org/player/hnxveaNSxZ?lang=ky
Выготский Л.С. Психология развития ребенка.-М: Изд-во «Смысл», изд-во «Эксмо», 2004. —512с.
Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү КОНЦЕПЦИЯСЫ – Бишкек, 2025 https://cbd.minjust.gov.kg/29-2/edition/20119/kg
Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы. – Бишкек, 2003.
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандарты: башталгыч жалпы билим берүү. – Бишкек, 2020.
Меңдибаева Нуркан Меңдибаевна 12 жылдык билим берүү шартында башталгыч мектепте интеграцияланган окутуунун маанилүүлүгү https://www.elibrary.ru/contents.asp?id=83115509

УДК 37.013:372.882(575.2) **DOI:** https://doi.org/10.56122/..v2i2.516

АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА Ч. АЙТМАТОВДУН “УЛУУ МАНАСЧЫ – САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ” АТТУУ ЭСКЕРҮҮСҮН ОКУТУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Мурзаканова **Гулшайыр Арыковна***
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
gulshaiyr.82.kg@gmail.com
Мамашерип кызы Нуриза
ORCID:0009-0006-8681-9288
Ош мамлекеттик педагогикалык университети.
Nurizam90@mail.ru

ФОРМИРОВАНИЕ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ НА УРОКАХ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ НА ОСНОВЕ ВОСПОМИНАНИЯ Ч. АЙТМАТОВА «ВЕЛИКИЙ МАНАСЧЫ – САЯКБАЙ КАРАЛАЕВ»

Мурзаканова Гульшайыр Арыковна
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Ошский государственный педагогический университет

gulshaiyr.82.kg@gmail.com,
Мамашерип кызы Нуриза
ORCID:0009-0006-8681-9288
Ошский государственный педагогический университет,
Nurizam90@mail.ru

FORMATION OF STUDENTS' ETHNOCULTURAL COMPETENCE IN LITERARY READING LESSONS BASED ON CH. AITMATOV'S MEMOIR "THE GREAT MANASCHI – SAYAKBAY KARALAEV"

Gulshaiyr A. Murzakanova
ORCID: 0009-0006-0448-7858
Osh State Pedagogical University,
gulshaiyr.82.kg@gmail.com
Mamasherip kyzy Nuriza
ORCID:0009-0006-8681-9288
Osh State Pedagogical University.
Nurizam90@mail.ru

Аннотация

Бул макалада башталгыч класстардын адабий окуу сабагында Чыңгыз Айтматовдун “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” аттуу эскерүүсүн окутуу аркылуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселеси каралат. Изилдөөдө этномаданий компетенттүүлүктүн мазмуну, анын түзүлүшү жана аны калыптандыруунун педагогикалык шарттары талданат. Адабий тексттердин тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү ачылып, манасчылык өнөрдүн окуучулардын руханий дүйнөсүнө тийгизген таасири негизделет. К.Момбекова атындагы мектептин 4-А жана 4-В класстарында жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары берилет. Эксперименттик топто интерактивдүү, чыгармачылык жана баалуулукка багытталган ыкмалар колдонулуп, окуучулардын улуттук маданиятка болгон кызыгуусу жана билим деңгээли жогорулаганы аныкталган. Ал эми контролдук топто салттуу ыкмалар колдонулуп, олуттуу өзгөрүүлөр байкалган эмес. Изилдөөнүн жыйынтыгы адабий окуу сабагында этномаданий багыттагы иштерди системалуу жүргүзүүнүн маанисин көрсөтөт.

Ачкыч сөздөр. *этномаданий компетенттүүлүк, адабий окуу, манасчылык өнөр, башталгыч класс, улуттук баалуулуктар, Манас эпосу, тарбия*

Аннотация.

В данной статье рассматривается формирование этнокультурной компетентности учащихся начальных классов на уроках литературного чтения на основе воспоминания Чыңгыз Айтматов «Великий манасчы – Саякбай Каралаев». В работе анализируются сущность этнокультурной компетентности, ее структура и педагогические условия формирования. Раскрываются воспитательные возможности художественного текста, а также влияние манасческого искусства на духовное развитие учащихся. Представлены результаты педагогического эксперимента, проведенного в 4-А и 4-В классах школы имени К. Момбековой. В экспериментальной группе применялись интерактивные, творческие и ценностно-ориентированные методы обучения, что способствовало повышению уровня знаний учащихся о национальной культуре и их интереса к ней. В контрольной группе, где использовались традиционные методы, значительных изменений не наблюдалось. Результаты исследования подтверждают эффективность системного использования этнокультурного содержания на уроках литературного чтения.

Ключевые слова. *этнокультурная компетентность, литературное чтение, искусство манасчи, начальная школа, национальные ценности, эпос Манас, воспитание*

Abstract.

This article examines the formation of ethnocultural competence of primary school students in literature lessons based on the memoir “The Great Manaschi – Sayakbay Karalaev” by Чыңгыз Айтматов. The study analyzes the essence, structure, and pedagogical conditions of ethnocultural competence development. Special attention is given to the educational potential of literary texts and the influence of the Manas storytelling tradition on students’ spiritual and cultural growth. The results of a pedagogical experiment conducted in the 4-A and 4-B classes of K. Mombekova school are presented. Interactive, creative, and value-oriented teaching methods were applied in the experimental group, which led to an increase in students’ knowledge of national culture and their interest in it. In contrast, no significant changes were observed in the control group, where traditional methods were used. The findings highlight the effectiveness of systematic integration of ethnocultural content in literature lessons.

Keywords. *ethnocultural competence, literary reading, Manas storytelling tradition, primary school, national values, Manas epic, education*

Киришүү

Азыркы билим берүү системасында окуучулардын улуттук аң-сезимин, маданий баалуулуктарын жана руханий дүйнөсүн калыптандыруу билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп эсептелет. Глобалдашуу шартында ар түрдүү маданияттардын өз ара таасири күчөп жаткан учурда жаш муунду өз элинин тарыхына, тилине, каада-салттарына жана руханий мурастарына таянып тарбиялоо өзгөчө мааниге ээ болууда. Ушул шартта окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу – билим берүү системасынын маанилүү милдеттеринин бири катары каралат.

Этномаданий компетенттүүлүк – бул окуучунун өз элинин маданий мурасын таанып-билүүсү, аны баалоосу, урматтоосу жана турмуштук ишмердүүлүгүндө колдонууга жөндөмдүүлүгү. Бул сапаттар окуучунун инсан катары калыптанышына, анын коомдо өз ордун табышына жана улуттук өзүн-өзү аңдоосуна түздөн-түз таасир этет. Айрыкча башталгыч класстарда бул компетенттүүлүктү калыптандыруу өзгөчө маанилүү, анткени дал ушул куракта баланын дүйнөтаанымынын негизи түптөлүп, баалуулук багыттары калыптана баштайт. [8, с.165-169]

Бул багытта адабий окуу сабагы өзгөчө педагогикалык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Көркөм тексттер окуучулардын сезимине таасир этүү менен бирге алардын ой жүгүртүүсүн, эстетикалык табитин жана руханий дүйнөсүн өнүктүрөт. Адабий чыгармалар аркылуу окуучулар улуттук маданият менен таанышып гана тим болбостон, элдин тарыхый тажрыйбасын, дүйнөтаанымын, адеп-ахлактык баалуулуктарын өздөштүрүшөт. Өзгөчө кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгына, анын ичинде манасчылык өнөргө байланышкан чыгармалар окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда чоң ролду ойнойт.

Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларында кыргыз элинин маданий мурасын, руханий дүйнөсүн жана салттуу баалуулуктарын терең чагылдырган улуу жазуучу болуп саналат. Анын “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” аттуу эскерүүсү башталгыч класстын адабий окуу китебинде орун алып, окуучуларга улуу манасчынын образын, манасчылык өнөрдүн касиеттүүлүгүн жана эл ичиндеги ордун таанытууга багытталган. [7, с. 91-92]

Бул чыгармада Саякбай Каралаев сыяктуу улуу инсандын өнөрү, элдин ага болгон урматы, манасчылык өнөрдүн улуулугу жана кыргыз элинин руханий дүйнөсү көркөм жана таасирдүү берилген. Мындай мазмундагы тексттер окуучулардын мекенчилдик сезимин ойготуп, улуттук маданиятка болгон кызыгуусун арттырып, алардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууга кеңири мүмкүнчүлүк түзөт. [5, с. 250]

Ч. Айтматов «Азаттык» радиосуна берген маегинде улуу манасчы Саякбай Каралаевдин кыргыз элинин руханий маданиятындагы орду өзгөчө экендигин белгилеген. Анын айтымында, Каралаев «Манас» эпосун көркөм, терең жана таасирдүү аткаруу менен

угармандардын жан дүйнөсүнө жеткирген залкар өнөрпоз болгон. Манасчы эпосту жөн гана айтып бербестен, аны жандуу образдар аркылуу элге жеткиргендиги менен айырмаланган. Ошондой эле ал кыргыз элинин тарыхын, дүйнөтаанымын жана руханий баалуулуктарын сактап, кийинки муундарга өткөрүп берген улуу мурасчы катары бааланат. Айтматов Каралаевди дүйнөлүк деңгээлдеги эпикалык өнөрдүн өкүлү катары жогору баалаган. [6]

Изилдөөнүн актуалдуулугу аталган чыгарманы окутуу аркылуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн максаттуу түрдө калыптандыруу маселесинин жетиштүү деңгээлде иштелбегендиги менен шартталат. Мектеп практикасында адабий тексттер негизинен мазмунун түшүндүрүү менен чектелип, алардын тарбиялык жана этномаданий мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылбай келет.

Ушуга байланыштуу, изилдөөнүн алкагында К.Момбекова атындагы мектептин 4-класстарында педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Эксперименттин максаты – адабий окуу сабагында Чыңгыз Айтматовдун “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” эскерүүсүн окутуунун негизинде окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуулугун аныктоо болуп саналат. Эксперимент учурунда атайын иштелип чыккан методдор, интерактивдүү ыкмалар жана чыгармачылык тапшырмалар колдонулуп, окуучулардын билим деңгээлине, кызыгуусуна жана баалуулук мамилелерине байкоо жүргүзүлдү.

Алынган жыйынтыктар аталган чыгарманы максаттуу жана системалуу окутуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн жогорулатууга оң таасирин тийгизерин көрсөттү.

Макаланын максаты – адабий окуу сабагында Чыңгыз Айтматовдун “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” эскерүүсүн окутуу аркылуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык негиздерин жана практикалык жолдорун илимий жактан негиздөө.

Макаланын милдеттери:

- этномаданий компетенттүүлүктүн теориялык негиздерин талдоо;
- көркөм текст аркылуу этномаданий тарбия берүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;
- аталган чыгарманы окутуунун натыйжалуу методдорун иштеп чыгуу;
- педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын талдоо жана жалпылоо.

Изилдөөнүн максатына ылайык, педагогикалык эксперимент К.Момбекова атындагы орто мектебинин 4-класстарынын базасында жүргүзүлдү. Экспериментке 4-А жана 4-В класстарынын окуучулары катышты. Бул класстардын бири **эксперименттик топ** (4-А класс), экинчиси **контролдук топ** (4-В класс) катары аныкталды.

Эксперименттик топто адабий окуу сабагында Чыңгыз Айтматовдун “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” аттуу эскерүүсүн окутууда этномаданий компетенттүүлүктү калыптандырууга багытталган атайын методикалык система колдонулду. Ал эми контролдук топто сабактар салттуу окутуу ыкмаларынын негизинде өткөрүлдү.

Эксперимент үч негизги этаптан турду:

1. диагностикалык этап;
2. калыптандыруучу этап;
3. жыйынтыктоочу этап.

Диагностикалык этап

Диагностикалык этапта окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо максатында ар түрдүү педагогикалык ыкмалар колдонулду. Атап айтканда, сурамжылоо, байкоо, оозеки суроо-жооп жана тесттик тапшырмалар аркылуу окуучулардын билим деңгээли, кызыгуусу жана баалуулук мамилеси изилденди.

Баалоо төмөнкү көрсөткүчтөрдүн негизинде жүргүзүлдү:

- улуттук маданият жана салттар боюнча билим деңгээли;
- манасчылык өнөр тууралуу түшүнүгү;

- Манас эпосу тууралуу маалыматы;
- улуттук баалуулуктарга болгон мамилеси;
- чыгармачылык активдүүлүгү.

Диагностикалык изилдөөнүн жыйынтыгында 4-А жана 4-В класстарынын окуучуларынын көпчүлүгүндө этномаданий компетенттүүлүк жетиштүү деңгээлде калыптанбагандыгы аныкталды. Окуучулар манасчылык өнөр тууралуу үстүрт маалыматка ээ болуп, анын тарыхый жана маданий маанисин терең түшүнбөгөндүгү байкалды. Ошондой эле улуттук баалуулуктарга болгон кызыгуусу орточо деңгээлде экендиги белгиленди.

Бул көрсөткүчтөр окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн атайын уюштурулган педагогикалык ишмердүүлүк аркылуу өнүктүрүү зарылдыгын тастыктады.

Калыптандыруучу этап

Калыптандыруучу этапта эксперименттик топ болгон 4-А класста адабий окуу сабагы Чыңгыз Айтматовдун “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” эскерүүсүнүн негизинде максаттуу жана системалуу түрдө уюштурулду. Бул этаптын негизги максаты – окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн көркөм тексттин тарбиялык мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланууболуп саналат.

Сабак учурунда текст жөн гана окутулуп, мазмуну айтылып коюу менен чектелбестен, терең талдоо жүргүзүлдү. Окуучулар чыгармадагы окуяларды талдап, айрыкча жамгырга карабай элдин манас угуп отурган эпизодунун негизинде кыргыз элинин руханий дүйнөсүн, манасчылык өнөргө болгон өзгөчө мамилесин түшүнүүгө жетишти. Суроо-жооп аркылуу алар манасчынын коомдогу ордун, анын өнөрүнүн касиеттүүлүгүн жана элдин биримдигин чагылдырган жагдайларды өз алдынча талдоого аракет кылышты.

Ошол эле учурда сабакта ролдук оюндар жана сахналаштыруу элементтери колдонулду. Окуучулар манасчынын, угармандардын образдарын жаратып, чыгарманы жандуу түрдө аткаруу аркылуу кабыл алышты. Бул ыкма алардын эмоциялык кабылдоосун күчөтүп, текстти тереңирээк түшүнүүсүнө жардам берди. Айрыкча манас айтып жаткан учурду жана элдин ага болгон мамилесин сахналаштыруу окуучуларда улуттук маданиятка болгон кызыгууну арттырды.

Калыптандыруучу этапта чыгармачылык тапшырмаларга да өзгөчө көңүл бурулду. Окуучулар “Мен манасчы болсом...” деген темада эссе жазышып, өз ойлорун эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Ошондой эле Саякбай Каралаевдин образын сүрөт аркылуу чагылдыруу, окуяны өз сөзү менен баяндоо сыяктуу иштер алардын фантазиясын, ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрдү. Мындай тапшырмалар окуучулардын текстти жеке тажрыйбасы менен байланыштыруусуна шарт түздү.

Сабак учурунда улуттук баалуулуктарга багытталган талкуулар да жүргүзүлдү. Окуучулар манасчылык өнөрдүн мааниси, улуу инсандарды урматтоо, элдик мурастын баалуулугу тууралуу өз ойлорун билдиришти. Бул талкуулар аркылуу окуучуларда улууну сыйлоо, руханий байлыкты баалоо, мекенчилдик сезим сыяктуу сапаттар калыптана баштады.

Мындан тышкары, сабакта көрсөтмөлүүлүк ыкмасы да натыйжалуу колдонулду. Манасчылык өнөргө байланыштуу видеоматериалдарды көрүү, Саякбай Каралаев тууралуу маалыматтарды угуу окуучулардын кабылдоосун кеңейтип, сабакка болгон кызыгуусун арттырды. Көрүү жана угуу аркылуу алынган маалыматтар текстти тереңирээк түшүнүүгө жардам берди.

Жалпысынан алганда, калыптандыруучу этапта колдонулган интерактивдүү, чыгармачылык жана баалуулукка багытталган ыкмалар окуучулардын сабакка активдүү катышуусун камсыз кылып, алардын улуттук маданиятка болгон кызыгуусун арттырды. Натыйжада окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгү калыптанып, алардын көркөм текстти түшүнүү деңгээли жогорулаганы байкалды.

Жыйынтыктоочу этап

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстардын адабий окуу сабагында Чыңгыз Айтматовдун “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” эскерүүсүн максаттуу жана системалуу окутуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда натыйжалуу каражат болуп саналары аныкталды.

К.Момбекова атындагы мектептин 4-А жана 4-В класстарынын негизинде жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары эксперименттик топто (4-А класс) окуучулардын этномаданий компетенттүүлүк деңгээли байкаларлык жогорулаганын көрсөттү. Ал эми контролдук топто (4-В класс) олуттуу өзгөрүүлөр байкалган жок.

Эксперименттин сандык жыйынтыктары төмөнкү таблицада көрсөтүлөт:

1-таблица. Окуучулардын этномаданий компетенттүүлүк деңгээлинин өзгөрүшү

Деңгээли	4-А класс (эксперименттик топ) экспериментке чейин (%)	4-А класс эксперименттен кийин (%)	4-В класс (контролдук топ) экспериментке чейин (%)	4-В класс эксперименттен кийин (%)
Жогорку	22%	48%	24%	28%
Орто	50%	38%	52%	50%
Төмөн	28%	14%	24%	22%

Таблицадан көрүнүп тургандай, эксперименттик топто жогорку деңгээлдеги окуучулардын саны 22%дан 48%га чейин өсүп, төмөн деңгээлдеги окуучулардын көрсөткүчү 28%дан 14%га чейин азайган. Бул колдонулган методикалык ыкмалардын натыйжалуулугун далилдейт. Ал эми контролдук топто көрсөткүчтөрдө анча чоң өзгөрүү байкалган жок.

Изилдөөнүн жүрүшүндө этномаданий компетенттүүлүк окуучулардын улуттук маданият тууралуу билим деңгээлин гана жогорулатпастан, алардын баалуулук мамилелерин, руханий дүйнөсүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө оң таасир этери аныкталды. Айрыкча манасчылык өнөрдү чагылдырган тексттер окуучулардын мекенчилдик сезимин ойготуп, улуттук өзүн-өзү аңдоосун калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

Эксперименттик иштин жүрүшүндө текстти терең талдоо, ролдук оюндар, чыгармачылык тапшырмалар, баалуулукка багытталган талкуулар жана көрсөтмөлүүлүк ыкмалары комплекстүү колдонулганда жогорку натыйжага жетүүгө болору далилденди. Бул ыкмалар окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, алардын активдүү катышуусун камсыз кылуу менен билимди терең өздөштүрүүсүнө шарт түздү.

Ошондой эле Саякбай Каралаев сыяктуу улуу инсандардын образын ачып берүү окуучуларда улууну урматтоо, руханий баалуулуктарды баалоо жана элдик мураска болгон сый-урмат сыяктуу сапаттарды калыптандырууга өбөлгө түзөрү аныкталды. Манас эпосу аркылуу берилген идеялар алардын дүйнөтаанымын кеңейтти.

Жыйынтык катары белгилөөгө болот: адабий окуу сабагын этномаданий багытта уюштуруу окуучулардын руханий жактан өнүгүшүнө, улуттук өзүн-өзү аңдоосунун калыптанышына жана коомдо өз ордун таба алган инсан болуп жетилишине шарт түзөт.

Корутунду

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде башталгыч класстардын адабий окуу сабагында Чыңгыз Айтматовдун “Улуу манасчы – Саякбай Каралаев” эскерүүсүн максаттуу жана методикалык жактан туура уюштуруп окутуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда натыйжалуу экендиги аныкталды.

Изилдөө көрсөткөндөй, этномаданий компетенттүүлүк окуучулардын улуттук маданият тууралуу билимдерин кеңейтүү менен гана чектелбестен, алардын баалуулук мамилелерин, руханий дүйнөсүн жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө түздөн-түз таасир этет. Айрыкча манасчылык өнөрдү чагылдырган көркөм тексттер окуучулардын мекенчилдик сезимин ойготуп, улуттук өзүн-өзү аңдоосун калыптандырууда маанилүү роль ойнойт.

К.Момбекова атындагы мектептин 4-А жана 4-В класстарынын негизинде

жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент эксперименттик топто окуучулардын этномаданий компетенттүүлүк деңгээлинин өсүшүн далилдеди. Бул жыйынтык адабий окуу сабагында интерактивдүү, чыгармачылык жана баалуулукка багытталган ыкмаларды колдонуу жогорку натыйжа берерин көрсөтөт. Ал эми салттуу окутуу ыкмалары колдонулган контролдук топто мындай олуттуу өзгөрүүлөр байкалган жок.

Изилдөөнүн жүрүшүндө Саякбай Каралаев сыяктуу улуу инсандардын образын окуу процесси аркылуу ачып берүү окуучуларда улууну урматтоо, руханий баалуулуктарды баалоо жана элдик мураска болгон сый-урмат сыяктуу сапаттарды калыптандырууга шарт түзөрү далилденди. Ошондой эле Манас эпосу аркылуу берилген идеялар окуучулардын дүйнөтаанымын кеңейтип, алардын инсандык калыптанышына оң таасирин тийгизди.

Демек, адабий окуу сабагында улуттук мазмундагы көркөм чыгармаларды, айрыкча манасчылык өнөрдү чагылдырган тексттерди системалуу жана максаттуу колдонуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандыруунун натыйжалуу жолу болуп саналат.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктарына таянып, төмөнкү сунуштарды берүүгө болот:

- башталгыч класстардын адабий окуу сабактарында этномаданий мазмундагы чыгармаларды (айрыкча манасчылык өнөргө байланышкан тексттерди) системалуу түрдө колдонуу;
- Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын окутууда алардын тарбиялык жана этномаданий мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып берүү;
- сабакта интерактивдүү ыкмаларды (талдоо, ролдук оюн, талкуу) жана чыгармачылык тапшырмаларды кеңири колдонуу;
- окуучулардын улуттук баалуулуктарга болгон кызыгуусун арттыруу үчүн мультимедиялык жана көрсөтмөлүү материалдарды (видео, аудио, сүрөттөр) пайдалануу;
- Саякбай Каралаев сыяктуу улуу инсандардын өмүрү жана чыгармачылыгы боюнча кошумча маалыматтарды сабакка интеграциялоо;
- мектеп деңгээлинде “Манас күнү”, “Манас айтуу” сыяктуу маданий иш-чараларды уюштуруу аркылуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн бекемдөө;
- мугалимдер үчүн этномаданий багыттагы методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу жана практикага киргизүү;
- ата-энелер менен кызматташуу аркылуу окуучуларды улуттук баалуулуктарга тарбиялоону күчөтүү.

Колдонулган адабияттар

1. Айтматов, Ч. Чыгармалар жыйнагы. – Бишкек: Кыргызстан, 2010. – 520 б.
2. Каралаев, С. Манас айтуунун үлгүлөрү. – Бишкек: Адабият, 1984. – 380 б.
3. Манас: эпос. – Бишкек: Кыргыз энциклопедиясы, 1995. – 560 б.
4. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы. – Бишкек, 2021. – 45 б.
5. Мамытов, С. Манасчылык өнөрдүн тарыхы жана өнүгүшү. – Бишкек, 2012. – 250 б.
6. Айтматов, Ч. Саякбай Каралаев тууралуу маек [Электрондук ресурс] // Азаттык радиосу. – Кирүү режими: https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_culture/24313156.html
7. Рысбаев, С.К., Ибраимова, К., Абдухамидова, Б.А. Адабий окуу: Кыргыз мектептеринин 4-класстары үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2015. – 168 б.: сүрөт. – ISBN 978–9967–…
8. Мурзаканова, Г. (2024). РОЛЬ УРОКА ЧТЕНИЙ В ФОРМИРОВАНИИ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ. *Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А.Мырсабекова, 2*(2), 165–169. https://doi.org/10.56122/.v2i2.232